ЕАЭБтин бажы аймагына товарларды жана транспорт каражаттарын мыйзамсыз ташып кирvv фактыларын табуу жана аларга богот коюу боюнча жvргvзvлгон ыкчам иш-чаранын жыйынтыгында, “Баткен” бажысынын кызматкерлери тарабынан Исфана-Баткен авто жолунда Кыргыз Республикасынын жараны Н.А.Рнын башкаруусундагы “Мерседес - Бенц Актрос” vлгvсvндогv таранспорт каражаты “HESW-HWTRAS2494” vлгvсvндогv чиркегичи менен токтотулуп текшерилген.

Жогоруда корсотvлгон транспорт каражатынын жvк болvгvн текшерген учурда Кыргыз Республикасына чектеш мамлекеттен мыйзамсыз ташылып келе жаткан жалпы салмагы 10461 кг. болгон кургатылган орvк жана компот аралаштырмасы табылган.

Айдоочуну токтоткон учурда ЕАЭБтин аймагына ташылып келе жаткан товар мыйзамдуу экенин тастыктаган бир дагы документ корсото алган эмес. Кармалган товардын жалпы суммасы 683 730 сом.

Бул факт Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктvv реестрине катталып, матералдар тергоого караштуулугу боюнча Баткен областык прокуратурасына откорvлvп берилди.







